ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун
Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун

# №8 ПРОТОКОЛУ

*25-апрель, 2025-жыл.*

*Төрага:* Б.А. Азимов

*Окумуштуу катчы:* З.Ж. Мурзакматова

*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 51 мүчөсүнөн 43 мүчөсү катышты.

**Күн тартиби:**

1. Студенттик олимпиадаларды уюштуруу жана алардын жыйынтыгы (Баяндамачы: МФТИТ институтунун окуу-методикалык кеңешинин төрайымы, доцент Э.А. Мамазиаева);

2. Кош дипломдуулук программаларын ишке ашыруунун абалы (Баяндамачылар: кафедра башчылары);
3. Ар түрдүү маселелер.

*УГУЛДУ:* МФТИТ институтунун директору А.Б. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Регламент боюнча 1-маселеге 15 минутага чейин, 2-маселе боюнча ар бир кафедра башчыга 3 минутага чейин ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдooого алынды.

**1-маселе.**

УГУЛДУ: Студенттик олимпиадаларды уюштуруу жана алардын жыйынтыгы боюнча МФТИТ институтунун окуу-методикалык кеңешинин төрайымы, доцент Э.А. Мамазиаеванын билдирүүсү угулду.

ТАЛКУУ: *А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доценти):* эмне үчүн Өзбекстан Республикасынын Ургенч шаарында Ургенч мамлекеттик университетинде өтүүчү бакалавр багытынын студенттери үчүн «Аль-Хорезми» атындагы 3-Эл аралык математика олимпиадасына колдонмо математика жана информатика адистигинин гана студенттери тандалып калыптыр. Эмне үчүн? Математика, ФМОМ адистигинде да аябай жакшы окуган студенттер бар? Силер кандай жол менен тандап алдыңар?

*Жооп. А.А. Акматов (КМИГД кафедрасынын улук окутуучусу):* олимпиадага тандоо боюнча бардык адистиктин студенттерине жарыя берилген. Тилекке каршы КМИ адистигин студенттери гана катышып, орун алган студенттерди биз даярдап жатабыз.

*А. Сопуев (ИСП кафедрасынын профессору):* студенттерди олимпиадага даярдоо үчүн атайын силлабус, колдонмолор барбы?

*Жооп. Э.А. Мамазиаева (МФТИТ институтунун окуу-методикалык кеңешинин төрайымы, доцент):* кээ бир кафедраларда бар, мисалы жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасында бар.

*А. Сопуев (ИСП кафедрасынын профессору):* студенттерди олимпиадага даярдоого абдан көңүл буруу керек. Жылда болгон олимпиаданын материалдар жыйнагын топтоштуруу керек.

*А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доценти):* "Математика" боюнча олимпиада болгондо 1-орунду берген эмесбиз башка ЖОЖдорго. А.Сопуев экөөбүз даярдаган студенттердин баллы жогору болгон. Улуттук университеттин 5 студенти чогуулуп да биздин бир студенттин баллын ала албаган учурлар болгон.

Математикалык анализ, алгебра жана геометрия кафедрасында эмгектенип жаткан жаш илимдин кандидаттары студенттерди олимпиадага даярдоо керек.

*Н.К. Аркабаев (ИСП кафедрасынын доценти):* олимпиадага студенттерди мен да даярдап жүргөнмүн. Олимпиадага анча маани берилбейт жатат. Олимпиадага даярдоодо институт тарабынан студенттерге да, даярдаган окутуучуларга да көңүл бурулуш керек. Регионалдык олимпиадаларга даярдоо керек. Менин оюмча рейтинге баллды кошуп койсок жогорку көрсөткүч боло эле. 1-курска келген студенттерден мектепте олимпиадага катышып жүргөндүктөрүн аныктап, ошол студенттердин үстүнөн иштөө керек. Стимул болбогон үчүн студенттер да олипиядага катышпайт. Олимпиадага жакшы көңүл буруу керек.

*У.А. Сопуев (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын башчысы, доцент):* жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын улук окутуучусу С. Абдурасулова эжкеке жетектеп барган БИМ институтунун студенттери олимпиадада байгелүү орундарды алып жатат.

*Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* быйылкы окуу жылында олимиадага даярдоо үчүн эки ирет олимпиада өткөрүлдү.

*Г. Матиева (алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору):* кайсы кафедрада кандай ийримдер иштейт аталыштарын чыгарып коюу керек. Ар бир кафедрада кружоктор бар ошолордун негизинде уюштуруп, системалуу иш алып баруу керек.

*И.Г. Кенжаев (Электроэнергетика кафедрасынын профессору):* олимпаданын жеңүүчүлөрүнө жана жетекчилерине стимул көрсөтүлсүн.

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ** кылат:

1. МФТИТ институтунун 2024-2025-окуу жыл үчүн студенттик олимпиадаларды уюштуруу жана алардын жыйынтыгы боюнча Э.А.Мамазиаеванын отчету канааттандыраарлык деп табылсын;

2. Студенттерди аймактык, эл аралык жана дүйнөлүк олимпиадага даярдоо ийримдеринин иши күчөтүлсүн (Жооптуулар: ийримдин жетекчилери, кафедра башчылары);

3. Студенттердин олимпиадага кызыктыруу максатында институттун деңгээлинде окуу жылы ичинде 2 жолу (кышкы, жайкы семестрде) олимпиадалар өткөрүлсүн (Жооптуулар: кураторлор, кафедранын илимий иштери боюнча жооптуусу, кафедра башчылары);

4. Кафедралар тарабынан түзүлгөн ийримдер олимпиадалык маселелерди чечүүгө багытталсын жана алардын иш-аракеттери күчөтүлсүн (Жооптуулар: кафедранын илимий иштери боюнча жооптуусу, кафедра башчылары, ийримдин жооптуулары);

5. Окумуштуулар кеңешинин жогорку чечимдеринин аткарылышын методикалык кенешинин төрайымы Э.А. Мамазиаевага жүктөлсүн.

**2-маселе.**

**УГУЛДУ:** кош дипломдуулук программаларын ишке ашыруунун абалы боюнча отчеттор, кафедраларда жасап жаткан иштер, пландар ж.б. маселелер боюнча баяндамачылар кафедра башчылары тарабынан маалымат берилди.

*М.Ч. Өскөнбаев (ЭТФ кафедрасынын башчысы, доцент):* 510400 физика (магистратура) Казакстан республикасынын Астана шаарындагы Евразия улуттук университети менен келишим түзүлгөн. Биринчи курс бизде окуп, 2-курс Казакстанда окуп келүү керек болчу. Тилекке каршы магистранттарыбыздын үй-бүлөлүк шарттарына байланыштуу бара албай калышты.

*Т.М. Жолдошов (КМИГД кафедрасынын башчысы, доцент):* BigData аналитик адистиги боюнча Кытай мамлекетинин Нанкинг технологиялык институту менен биргеликте кош дипломдуулук келишим түзүлдү. МГУ менен 510200 Колдонмо математика жана информатика магистратура багыты кош дипломдуулук түзүлгөн.

*Г.М. Борбоева (АжанаГ кафедрасынын башчысы, доцент):* 510100 Математика (бакалавр) программасын Казакстан республикасынын Астана шаарындагы Евразия улуттук университети менен келишим түзүлгөн. Учурда Казакстан тарыхы предметин кайсы семестрде окулат, ошол маселе боюнча окуу планы кармалып турат.

*А.М. Токторбаев (ИСП кафедрасынын башчысы, доцент):* 7102200 Информациялык системалар жана технологиялар (магистратура) Казакстан республикасынын Кокшетау университети менен келишим түзүлүп ишке ашкан, учурда 4 магистрант Кыргызстан, 4 магистрант Казакстандан. Контракт маселеси да түзүлгөн. Бакалавр багыты боюнча Ташкент мамлекеттик университети менен сүйлөшүүлөр болуп жатат.

*А.О. Келдибекова (МИОТжББМ кафедрасынын профессору):* сүйлөшүүлөр жүрүп жатат.

*У.З. Эркебеав (КИИК кафедрасынын башчысы, доцент):* Чуваш мамлекеттик университети менен 4-жыл алдын келишимдер түзүлгөн. Быйылкы жылы бир студентибиз дипломдук жумушун коргоо алдында турат. Ал боюнча комисся түзүлүп биргелешкен диплом берилет.

*Көйгөлөр:* окуу пландардын тынымсыз өзгөрүүсү. Ал жакка барганда айырмачылыктын көп чыгуусу.

***Талкуу:*** *И.Г. Кенжаев (Энергетика кафедрасынын профессору):* Кыргызстанда бир эле университеттин диплому жетиштүү эмесби? Кош дипломдуулуктун кереги барбы?

*А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доценти):* кош дипломдуулук учурда актуалдуу, жыйынтыгы университеттин рейтингин көтөрөт. Студенттерди тартуу, окуу жай тааныйт ж.б. жактары да бар. Кош дипломдуулук боюнча мен көптөгөн университеттер менен тыгыз байланышып, шарттарды койгонмун. 1 жыл өзүбүздө, 1 жыл келишим түзгөн университетте окуйт, стипендия ала тургандай сүйлөшүүлөр болгон.

*Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* институттагы кош дипломдуулук боюнча аткарылып жаткан иштер менен тааныштык.

Бул маселе боюнча жогоруда кафедра башчыларынын билдирүүлөрүн эске алып, пикирлердин, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ кылат:**

1. МФТИТ институтунун кафедра башчыларынын билдирүүлөрү эске алынсын;

2. Кафедра башчыларына жана мүчөлөрүнө KPI боюнча коюлган талаптардын негизинде кош дипломдуулук программаларын ишке ашыруу үчүн жасалуучу иш-чаралар күчөтүлсүн (Жооптуулар: кафедра башчылары жана программа жетекчилери);

3. Кош дипломдуулук программалары боюнча түзүлгөн келишимдердин аткарылышына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүлсүн (Жооптуулар: кафедра башчылары жана программа жетекчилери);

4. Тиешелүү кош дипломдуулук боюнча маалыматтарды кеңири жайылтуу жана кызыкдар студенттерди тартуу иштерин күчөтүлсүн (Жооптуулар: кафедра башчылары жана программа жетекчилери);

5. Эл аралык байланыштар бөлүмүнө ар бир окуу жылында бир жолу кош дипломдуулук программалары боюнча жыйынтык отчет даярдоо милдеттендирилсин (Жооптуулар: кафедра башчылары жана программа жетекчилери);

6. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө институттун директору Б.А. Азимовго жүктөлсүн.

**Ар түрдүү маселелер.**

а) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун жалпы физика жана физиканы окутуунун усулу кафедрасынын улук окутуучусу М.Б. Курбаналиев, ф.-м.и.к., улук окутуучу М.Ж. Калбекова жана окутуучулар Ж.А. Макамбаева, Кубатбек кызы Уулкан тарабынан иштелип чыккан "Физикадан маселе чыгарууну үйрөнөбүз" (1-бөлүм: Механика) окуу усулдук колдонмосун басмага сунуштоо.

*УГУЛДУ: Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун жалпы физика жана физиканы окутуунун усулу кафедрасынын улук окутуучусу М.Б. Курбаналиев, ф.-м.и.к., улук окутуучу М.Ж. Калбекова жана окутуучулар Ж.А. Макамбаева, Кубатбек кызы Уулкан тарабынан иштелип чыккан "Физикадан маселе чыгарууну үйрөнөбүз" (1-бөлүм: Механика) окуу усулдук колдонмосун басмага сунуштоо маселеси кафедра тарабынан келип түштү. ЖФ жана ФОУ кафедрасынын протоколунан көчүрмө, институттун методикалык кеңешинин протоколунан көчүрмө, ички жана сырткы рецензиялары, окуу усулдук колдонмонун печаттык бөлүгү тиркелген. Окуу усулдук колдонмонун автору ф.-м.и.к., улук окутуучу М.Ж. Калбекова сөз берели.

*М.Ж. Калбекова (жалпы физика жана физиканы окутуунун усулу кафедрасынын башчысы, улук окутуучу):* жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын улук окутуучусу М.Б. Курбаналиев, ф.-м.и.к., улук окутуучу М.Ж. Калбекова жана окутуучулар Ж.А. Макамбаева, Кубатбек кызы Уулкан менен биргеликте "Физикадан маселе чыгарууну үйрөнөбүз". 1-бөлүм: Механика аттуу окуу усулдук колдонмо орто мектептердин физика мугалимдери, физика адистигинде окуган студенттер жана мектеп окуучулары үчүн арналган колдонмо. Физиканы окутууда практикалык маселелердин ичинен маселе чыгаруу маанилүү болуп эсептелинет. Бул окуу-усулдук колдонмону жазууда П.Я. Гальпериндин акыл аракеттерин этаптар боюнча калыптандыруу теориясына жана окутуунун ишмердүүлүк теориясына таянганбыз. Колдонмодо аракетке багыттоочу негиздердин (АБН) эки түрү кеңири колдонулган:

1) Чыгарылышы менен берилген маселелер АБН катарында.

2) Конкреттүү маселени чыгаруунун план-программасы, айрым учурларда кээ бир маселелер үчүн эвристикалык жана алгоритмдик мүнөздөгү көрсөтмөлөр кошо берилген. Ошондой эле бул колдонмо студент-магистранттар үчүн пайдалуу окуу куралы болот деген ойдомун. Сиздерден бул окуу усулдук колдонмону басмадан чыгарууну колдоп берүүнүздөрдү суранам. Макул-43, каршы-жок, калыс-жок.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ТОКТОМ** кылды:

Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун жалпы физика жана физиканы окутуунун усулу кафедрасынын улук окутуучусу М.Б. Курбаналиев, ф.-м.и.к., улук окутуучу М.Ж. Калбекова жана окутуучулар Ж.А. Макамбаева, Кубатбек кызы Улкан тарабынан иштелип чыккан “Физикадан маселе чыгарууну үйрөнөбүз” (1-бөлүм: Механика) окуу усулдук колдонмосун басмага сунуштоо үчүн ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

б) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын башсысы, ф.-м.и.к., доцент Токторбаев Айбек Мамадалиевичти “Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу” адистиги боюнча доценттик наам алууга сунуштоо жөнүндө.

**УГУЛДУ**: Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын башсысы, ф.- м.и.к., доцент Токторбаев Айбек Мамадалиевичтин доценттик кызмат ордунда иштеп жаткан мезгили ичиндеги илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү боюнча отчету угулду.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* А.М. Токторбаев доценттик кызмат ордунда иштеп жаткан мезгили ичиндеги илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү боюнча отчетун уктук. ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын башчысы, ф.- м.и.к., доцент Токторбаев Айбек Мамадалиевич 2007-2018-жылдары Ош мамлекеттик университетинин “Программалоо” кафедрасында окутуучусу, 2018-2019-жылдары “Программалоо” кафедрасында улук окутуучусу, 2019-жылдын 30-июнунан баштап азыркы мезгилге чейин Ош мамлекттик университетинин “Информациялык системалар жана программалоо” кафедрасында доценттик кызматында жана 2021-жылдан бери Ош мамлекттик университетинин “Информациялык системалар жана программалоо” кафедрасынын башчысы кызмат орундарында иштеп келе жатат.

Диссертацияны коргоо 2018-жылдын 29-июнь күнү Ош мамлекеттик университетинин, Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнүн жаратылыш ресурстары институтунун жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинин алдындагы физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган К 01.17.554 диссертациялык кеңешинин жыйынында “Реакция кылуучу газдардын аралашмасынын тендемелери үчүн коши маселесинин чечилиши” деген темада коргогон.

35тен ашуун жарыяланган эмгеги бар, 35 илимий жана 2 окуу-методикалык мүнөздөмө. SCOPUS базасына кирген- 2, Web of Science базасына кирген -1, РИНЦ – 24 макаласы жарык көргөн.Учурда доктордук диссертациясынын үстүнөн иштеп жатат. Окуу-усулдук жактан да көптөгөн ийгиликтерди жаратып, квалификациясын жогорулатып турат. Мен, А.М. Токторбаевди информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу багыты боюнча доценттик наам алууга татыктуу деп эсептейм.

*Ф.-м.и.к., профессор А.Сопуев:* Мен А.М. Токторбаевди өз ишине так, жоопкерчиликтүү жана мыкты жетекчи катары билем. Айбек Мамадалиевич илимий иш менен бирге информациялык технологиялар, программалоо тилдерин мыкты өздөштүрүү менен кафедранын, институттун жана университеттин IT технология боюнча иш чараларына активдүү катышып келет. Университеттин окутуучулары, мектеп мугалимдери үчүн жана жакынкы Узбекстан, Казакстан мамлекеттеринин университеттерине да программалоо боюнча конок лекцияларды активдүү өтүп келүүдө. Учурда доктордук диссертациясынын

үстүнөн иштеп жатат. Мен да бул сунушту колдоймун жана доцент А.М. Токторбаевдин илимий-педагогикалык ишмердиги аталган наамды алууга толук татыктуу деп эсептейм.

А.М. Токторбаевге «Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу» адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамын ыйгарууга сунуш кылынган талапкерлигин карап көрүүдө математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин 43 мүчөсү катышып, добуш берди.
"МАКУЛ" – 43, "КАРШЫ" – жок, "КАЛЫС" – жок.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ТОКТОМ** кылды:
1. Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын башсысы, ф.-м.и.к., доцент Токторбаев Айбек Мамадалиевичти «Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу» адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамын ыйгарууну сунуш кылуу жөнүндө маселе ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунуш кылынсын.
2. Бул токтомду колдоо жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар
кеңешинин төрагасы — Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы — З.Ж. Мурзакматова